**УДК 37.013 https://doi.org/10.56122/..v2i2.229**

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ НЕГИЗГИ БАГЫТТАР
# ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ В СЕМЬЕ
# BASIC DIRECTIONS IN EDUCATION OF CHILDREN IN THE FAMILY

***Жаныбекова Эльвира Жаныбековна***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети***
elmiraganybekova14@gmail.com

*Аннотация: Бул макалада таалим тарбиянын башаты үй- бүлөдөн башталышы, андагы ата- эненин орду өзгөчө көрсөтүлдү. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо алардын өнүгүүсүнүн жана инсандыгын калыптандыруунун эң маанилүү компоненти болуп саналат. Үй-бүлө жүрүм-турумдун, моралдык нормалардын жана баалуулуктардын пайдубалдары түптөлгөн негизги коомдук институт болуп саналат. Бул процессте ата-энелер негизги ролду ойнойт, белгилүү бир атмосфераны түзүп, гармониялуу өнүгүүдө жана колдоодо өзгөчө мааниге ээ. Бүгүнкү күндөгү жаштардын тарбиясына токтолуп, алардын оң, терс көрүнүштөрүн атап, аны чечүүнүн жолдорун анализдедик. Кыргыз коомунда “Үй-бүлө тарбиянын башаты” деп айтылат. Баланы тарбиялоо башаты канчалык эрте болсо, ошончолук пайдалуу боло тургандыгы тууралуу ойпикирлер өкүм сүрөт. Алсак, «Бала тарбиясы жашынан, аял тарбиясы башынан», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр» дейт. Элдик педагогикадагы бала тарбиялоо тууралуу ойлор көрсөтүлдү.*

*Негизги сөздөр: Үй-бүлө, тарбиялоо, педагогикалык маданият, заманбап үй-бүлө, баалуу.*

*Аннотация: В данной статье начало воспитания начинается с семьи, и особо показана роль родителей в ней. Воспитание детей в семье является важнейшей составляющей их развития и формирования личности. Семья – главный социальный институт, на котором закладываются основы поведения, моральные нормы и ценности. В этом процессе родители играют ключевую роль, создавая определенную атмосферу и имея особое значение в гармоничном развитии и поддержке. Мы остановились на образовании современной молодежи, отметили их положительные и отрицательные стороны, проанализировали пути их решения. В кыргызском обществе говорят: «Семья – начало воспитания». Бытует мнение, что чем раньше начать воспитание ребенка, тем оно будет полезнее. Например, он говорит: «Ребенка воспитывают с возраста, женщину воспитывают с начала», «Веди ребенка к добру и отклони его от зла». Были представлены мысли о воспитании детей в народной педагогике.*

*Ключевые слова: Семья, образование, педагогическая культура, современная семья, ценности.*

*Abstract: This article emphasizes the fact that the beginning of education begins in the family, and the role of parents in it is especially emphasized. Raising children in the family is the most important component of their development and personality formation. The family is the main social institution where the foundations of behavior, moral norms and values are laid. Parents play a key role in this process, creating a certain atmosphere, and are of particular importance in harmonious development and support. We focused on the upbringing of today's youth, identified their positive and negative aspects, and analyzed ways to solve them. In Kyrgyz society, it is said that “Family is the beginning of education.” There are opinions that the earlier the beginning of education of a child, the more beneficial it will be. For example, “Education of a child begins at a young age, education of a woman begins at a young age,” “Guide a child to good, lead him away from evil.” The ideas about education of a child in folk pedagogy are presented.*

*Key words: Family, education, pedagogical culture, modern family, value.*

Бүгүнкү коомдо жаштардагы тарбия ар бирибизди ойлондурбай койбойт. Анткени, улууларды урматтоо, алар менен баарлашууда сүйлөшүү маданиятын билбегендерди да көп кезиктирип калдык. Арасында тарбиялуу, ыйбаалуулар да жок эмес, кантсе да уюлдук телефон деген нерсенин терс таасири тийбей койгон жок. Канденде уул- кызыма туура тарбия берем?

–деген суроо ар бир ата- энени ойлондурбай койбосо керек. Ошон үчүн тарбия үй-бүлөдөн башаталат. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо алардын өнүгүүсүнүн жана инсандыгын калыптандыруунун эң маанилүү компоненти болуп саналат. Үй-бүлө жүрүм-турумдун, моралдык нормалардын жана баалуулуктардын пайдубалдары түптөлгөн негизги коомдук институт болуп саналат. Бул процессте ата-энелер негизги ролду ойнойт, белгилүү бир атмосфераны түзүп, гармониялуу өнүгүүнү жана колдоону камсыз кылат. Биз бул макалада үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодогу негизги багыттарды талдап көрөлү:

Моралдык-этикалык баалуулуктарды калыптандырууда тарбиялоонун негизги милдеттеринин бири баланын адеп-ахлактык принциптерин жана этикалык стандарттарын түзүү болуп саналат. Ата-эне балдарын жакшы менен жаманды, чынчылдык менен калпты айырмалоого, башкаларды урматтоого жана калпты жек көрүүгө үйрөтүшү керек. Бала курчап турган дүйнөнү кабылдап, баамдай баштаган алгачкы жылдарынан баштап ата-эне баланы коомдо кабыл алынган жүрүм-турумдун негизги нормалары менен тааныштырууга тийиш. Мындай сунушту кыргыз элинин учулдагы белгилүү педагогу Г.Мадеминов да белгилеген:

Бала кезден (2-3 жаштан) сүйлоо, байкоо маданиятын өстүрүү керек.

Сүйлөө жогору болсо, ойлоо ошончо өнүгөт.

Зиректик, сезгичтикке тарбиялоо керек.

Көрүү, салыштыруу, күзөтүүнү үйрөтүү керек.

Өз оюн билдирүү, далилдөө, ынандырууга үйрөтүү.

Суроо берип, жооп алып, жооп бере билүүгө үйрөтүү.

Башкалар менен акыл, сөз аркылуу тартыша билүүгө үйрөтүү.

Ойлогонун оозеки жана кагазга жазуу түрүндө берүүгө үйрөтүү.

Максат, милдет коюп, ошого жетүүнүн жолдорун издеп, план түзүүгө үйрөнүү.

Түзүлгөн планды аткарууга, аткарылышын анализдөөгө үйрөтүү.

Башкаларга үйрөтүүгө жана үйрөнүүгө үйрөтүү.

Өз алдынча ой жүгүртүп, чечим кабыл ала билүүгө үйрөтүү.

Ар кайсы шартта өзүн-өзү башкара алууга үйрөтүү.

Түрдүү ишмердүүлүктөрдүн көп түрдүү (кырлуу) ыкмаметоддорун өздөштүрүү

Маселени көп жол менен чечүү. [1,11]

Маселен, сылык-сыпаалык, башка адамдарды сыйлоо, чынчылдык жана жоопкерчилик эрежелерин үйрөтө алабыз. Мисалы:

- "Сураныч" жана "рахмат" деген сыяктуу жөнөкөй сөздөрдөн баштап негизги сылыктыкка үйрөтүү балага анын иш-аракеттери башка адамдарга да таасир этерин билишет.
- Коомдук жайларда жана үйдө жүрүм-турум эрежелери жөнүндө, мисалы, башка адамдардын сезимдерине көңүл буруу канчалык маанилүү экендиги жөнүндө сүйлөшүңүз.

Ата-энеден үлгү алат. Адеп-ахлактык дөөлөттөрдү тарбиялоодо ата-эне негизги үлгү болуп, чоң роль ойнойт. Бала ата-энесинин жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүп, ар кандай кырдаалдарда кандай иш кылууну үйрөнөт. Мисалы:

- Ата-эне ар дайым башка адамдарга урмат көрсөтсө, бала да ошондой жүрүм-турумга жакын болот.
- Ата-эне чынчыл, ачык жана ырааттуу түрдө өз милдеттерин аткарса, бала да бул сапаттарга үйрөнөт. Ата- эненин тарбиясынын маанилүүлүгүн англис ойчул педагогу Дж. Локк сыпайы сылык адамды тарбиялоо идеясын көтөргөн. Ж.Ж.Руссо баланы өз ата-энеси тарбиялоого тийиш деп эсептеген. Анын Эмилин жетим болгондуктан тарбиячы асырап чоңойткон. Муну менен Руссо Эмилди эски феодалдык коомдун тарбиялык таасиринен сактап, аны келечекте эркин коомдун баштапкы жаңы уюмун - жаңы үй-бүлөнү түзүүчү катары умтулган.[2]

Баланын эмоционалдык өнүгүүсү анын жалпы өсүшүнүн жана инсандыгын калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ата-эне баланын эмоционалдык абалына кандай кам көрөрү анын сезимдерин түшүнүү, билдирүү жана башкара билүү, ошондой эле башкалар менен дени сак мамилелерди түзүү жөндөмүн аныктайт. Үй-бүлөдөгү

эмоционалдык тарбия баланын өзүнө ишенген, сезимтал жана эмоционалдык жактан туруктуу инсан болуп калыптанышында негизги ролду ойнойт. Маселен, үйдөгү эненин жадырап-жайнап, балдары менен өткөргөн убактысы, баланын жыргал турмушта, жакшы тарбия алып жатканын кабар берет. Баланын сезимдери баалуу экенин жана анын пикири маанилүү экенин сезиши керек. Ата-эне катары бул жагдайларды биз башыбыздан кечирдик. Бала сүйлөп жатканда аны тыңдап, маани берип, аны менен баарлашуу, чоң адамдай мамиле жасап, алардын жоопкерчиликтүү, өзүнө ишенүүсүн билдик. Ошондуктан, баланын муктаждыктарын угуп, эске алышы, анын башынан өткөн окуяларына жана эмоцияларына көңүл бурушу маанилүү:

- Балдар угулуп, түшүнүлгөнүн сезгенде, алар ачык жана ишенимдүү болуп калышат.
- Өз ара урматтоо бала өз эмоцияларын соттоп же туура эмес түшүнүп калуудан коркпой, тынч айта ала турган мейкиндикти түзүүгө жардам берет.

Эң негизгиси бала үчүн ата- эне үлгү экенин эстен чыгарбоо керек. Жакшы тарбия үчүн үлгүлүү модель болуу керек: Ата-энелер - Пайгамбарлар. Ата-энелер баланын өнүгүүсүнө карата өзүлөрүнүн жүрүм-турумунун маанилүүлүгүн билип калышат. Балдар тууроочу болгондуктан, ата-энелер балдарына колунан келишинче мыкты үлгү көрсөтүш керек, ошондо алардан үлгү алып, аларды тууураган балдары да мыкты боло алышат. Пайгамбарыбыз Мухаммедди (с.а.в.) ата, чоң-ата, балдарга эң жакшы дос жана улуу лидер катары, эң сонун үлгү деп карасак болот. [3,28]

Баланын сезимдерин колдоо жана көңүл буруу үчүн ата-энеден баланын башынан өткөн окуяларга, өзгөчө, ал кыйынчылыктарга туш болгондо же күчтүү эмоцияларды башынан өткөргөндө кунт коюуну талап кылат. Бала да чоң адамдар сыяктуу бир нерсеге кабатыр болушат, ойлонушат. Кээде жөнөкөй нерсеге ойлонуп алганын байкабай калышы мүмкүн. Ошол учурда ата- эненин жардамы абдан маанилүү. Жакындан сүйлөшүп, көйгөйлөрүн сурап, аны чечүүнүн жолдорун чогуу талкуулап жардам бере алат. Айрыкча, эне ар бир баланын абалын карап, эмнеге тынчсызданып жатканын кабардар болуп туруусу керек. Бүгүнкү күндө айрыкча өткөөл куракта ата- энелердин туура эмес тарбиясынан улам балдардын суицидке чейин барганы көбөйүп жаткандай.

Балага туура тарбия берүү - аны тентектиги үчүн жазалоо жана жакшы болгону үчүн сыйлоо гана эмес ... Бала мүнөт сайын жаны нерсени үйрөнүп, аны ошол боюнча кабыл алат, акыл-эси да, тушунугу да ошол көз карашына жараша калыптанат. Ошондуктан аларга кичинесинен баштап чоң турмушка карай туура багыт берүү абдан маанилүү. Себеби алар - биздин эртенки келечегибиз. Кээ бир ата-энелер балдары чон ката кылганда же коомго, адамдарга коркунуч алып келген кылмышка жакындаганда катуу өкүнүп калат. Учурунда бала тарбиясынын жоопкерчилигин сезбегенин түшүнөт. Ошол үчүн мындай абалдын алдын алуу, бала тарбиясына акылмандык, жоопкерчилик менен мамиле кылуу зарыл. [4,15]

Ал үчүн:

- Бала капа болгондо же тынчсызданганда ата-эне аны жөн эле ишендирбестен, аны чын жүрөктөн колдоп, боорукердик жана түшүнүү менен мамиле кылуусу маанилүү.
- Балаңызга жардамыңызды сунуштоо, кучактоо же жөн гана угуу аркылуу колдоо көрсөтсө болот. Бул анын сезимдеринде жалгыз эмес экенин жана анын сезимдери менен күрөшүүгө болорун түшүнүүгө жардам берет. Мындан тышкары, ата-энелер баланын кубанычтуу көз ирмемдерине көңүл буруп, анын жетишкендиктерин колдоп, анын аракетин мактašы керек, бул ишенимди жана дүйнөгө позитивдүү көз карашты калыптандырууга жардам берет. Өкүнүчтүүсү, уулу же кызы мектептен же окуу жайдан кандайдыр бир ийгиликке жетишип, сүйүнүп мактанып келгенде көңүл бурбай, эске албаган ата- энелерди да көрдүк. Мындай учурда балынын көңүлү чөгүп, кызыгуусу төмөндөшү мүмкүн.

Бала тарбиясы боюнча биздин элдик педагогикабызда да баса белгиленет. Кыргыз коомунда “Үй-бүлө тарбиянын башаты” деп айтылат. Баланы тарбиялоо башаты канчалык эрте болсо, ошончолук пайдалуу боло тургандыгы тууралуу ойпикирлер өкүм сүрөт. Алсак, «Бала тарбиясы жашынан, аял тарбиясы башынан», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр,

жамандыктан кубалап адаштыр», “Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет”, “Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот” – деп балдарды тарбиялоодо ата эненин ролу чоң экендиги баса көрсөтүлөт. Кыргыздарда элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат, өнөкөт өлгөндө калат. Мына ошондуктан «Жаш кезиңде билгениң ташка тамга баскандай» деген эреже менен тарбия ишинин мазмунуна негиз катары алынган баалуулуктар жаш баланын рухуна сиңирүүгө үй-бүлө өзгөчө көңүл бурган. [4,77]

Моралдык нормалар жөнүндө гана сүйлөшпөстөн, бала алган билимин иш жүзүндө колдоно алышы үчүн аны менен турмуштук жагдайларды талкуулоо да маанилүү. Ата-энелер моралдык принциптерди сактоонун маанилүүлүгүн түшүндүрүү үчүн өз тажрыйбасынан же алар билген адамдардын жашоосунан мисалдарды келтирсе болот. Маселен, чоң ата, чоң энелерибиздин таалим- тарбиясы, басып өткөн жолун айтып беришсе болот. Анткени, азыркы учунда токчулук, молчулук, бардар заман болуп жатканын, илгерики жокчулук заманда да адамдардын башынан канча кыйынчылык өткөнүнө карабастан таалим- тарбиясы жакшы болгонун айтып берүүсү керектигин айтуу маанилүү. Бул балага белгилүү бир нормаларды кармануу эмне үчүн маанилүү экенин жана алар башка адамдар менен болгон мамилелерге кандай таасир тийгизерин түшүнүүгө жардам берет

Жыйынтыктап айтканда, жогоркулардын негизде бир канча таалим- тарбия аспектилерин атасак болот:

- акыл тарбиясы;
- эмек тарбиясы;
- дене тарбиясы;
-эстетикалык тарбия;
- адептик тарбиясы балдардын турмушунда, келечегинде зор мааниге ээ. Баланын акыл-эс жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү билим берүүнүн маанилүү багыты болуп саналат, ал интеллектуалдык гана эмес, эмоционалдык өнүгүүгө да салым кошот. Билим менен эриш- аркак таалим да негизги орунда. Демек, мектеп менен үй- бүлөнүн ортосунда байланыш болуу менен эки тараптан тең тарбия чогуу берилиши керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мадаминов Г. М Ата энелер, сиздер үчүн (Эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылды) Б.: 2018-112 б
2. **Мадаминов Г.М. Акыл эмгегинин маданияты.-Б.:2024-170 б.**
3. Акматалиев, А. (2000). Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б.: Шам. – 348.
4. Хишам аль-Талиб, Абдулхамид Абу Сулайман, Омар аль-Талиб X 53 Ата-эне менен баланын мамилеси: балдарды тарбиялоо боюнча сабактар (Kyrgyz) – Б.: 2021. – 552 б
5. Акматалиев, А. (1993). Баба салты, эне адеби: элдик салт. – Б.: Баласагын. - 115.

---

**УДК 37.025.7**

## СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ АРКЫЛУ СТУДЕНТТЕРДИН КРЕАТИВДҮҮЛҮК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

Жутанова Гульмира Атанбековна п.и.к.,доцент
Ош мамлекеттик университети gzutanova@gmail.com
Сарытаева Мунира Өмүрзаковна окутуучу
Sarytai27@gmail.com
Эл Аралык Жогорку Медицина Мектеби

**Аннотация**

Бул изилдөө студенттердин креативдүүлүк компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө сынчыл ой жүгүртүүнүн (critical thinking) ордун жана маанисин изилдөөгө багытталган. Окутуу процессинде сынчыл ой жүгүртүүнү креативдүү ой жүгүртүү менен айкалыштыруу студенттердин чыгармачыл жөндөмдөрүн өркүндөтүүдө натыйжалуу метод катары каралат.